можно обрести даже через незначительное усилие, мы бы никогда не допустили, чтобы дни проходили без какого-нибудь продвижения» [6].

Пути духовно-нравственного возрождения человека в условиях трансформации общества и первый шаг на пути трансформации должен быть со стороны человека, это принятие себя как неотъемлемой части природы, общества и важно быть достойной и мудрой частью этого общества, созидательной частью. Все идеи в голову и руки человека приходят по Благословению вселенной, и важно, чтобы человек был духовно готов к принятию таких благ и достойным в их реализации.

Сотрудничество ученых постсоветского пространства России, Казахстана, Кыргызстана и других республик не прекращалось никогда, важно продолжать это взаимодействие, делиться опытом, усиливать возможности друг друга, оказывать всестороннюю поддержку, особенно молодым ученым. Поскольку наука всегда была и должна быть вне времени, вне политики и не ограничиваться решением проблем лишь одной территории.

**Список использованной литературы:**


1. Рериховская библиотека.- https://roerich-lib.ru/index.php/n-k-rerikh/n-k-roerich-1.
2. Рериховская библиотека.- https://roerich-lib.ru/index.php/e-i-rerikh/biografiya-eir.
3. Рерих Е.И. Письма. [В 9 т.] Т. 3. М.: МЦР; Благотворительный Фонд им. Е.И.Рерих; Мастер-Банк, 2001.
4. Грачев В. А. - Научные идеи В. И. Вернадского как основа для нового мировоззрения и устойчивого развития. - Журнал: Век глобализации. Выпуск №2(16)/2015. - https://www.socionauki.ru/journal/articles/300143/.
5. Цитаты Ганди https://burido.ru/870-tsitaty-gandi.
6. Святослав Рерих.- Рериховская библиотека.- Искусство и Жизнь. КНИГА ПЕРВАЯ. 1951.- https://roerich-lib.ru/index.php/svyatoslav-rerikh-iskusstvo-i-zhizn/747-kniga-pervaya-1951.


УДК. 371:371.8


**Рысбаев Сулайман Казыбекович, Молдобаева Н.Б.**
Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери,
Педагогика илимдеринин доктору, профессор
rsulayman@mail.ru
Кыргыз-Корей институтунун
ага окутуучусу, илим изилдөөчү,
Билим берүүнүн отличниги
nurkan-1974@mail.ru
**Рысбаев Сулайман Казыбекович, Молдобаева Н.Б.**
главный научный сотрудник Кыргызской академии образования,
Доктор педагогических наук, профессор
rsulayman@mail.ru
Кыргызско-корейский институт
старший преподаватель, научный сотрудник,
Превосходство в образовании
nurkan-1974@mail.ru

**Rysbaev Sulaiman Kazybekovich, Moldobaeva N.B.**

Chief Researcher of the Kyrgyz Academy of Education,
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
rsulayman@mail.ru
Kyrgyz-Korean Institute
senior lecturer, researcher,
Excellence in Education
nurkan-1974@mail.ru





## БАТА – ТИЛЕК, КААЛООЛОРДУН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ

## БЛАГОСЛОВЕНИЕ - ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ ЖЕЛАНИЙ И ПОЖЕЛАНИЙ

## BLESSING - THE PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF WISHES AND WISHES

**Аннотация:** Кыргыздын улуттук руханий баалуулуктарынын бири бата сөздөрү болуп саналат. Макалада мына ошол бата сөздөрүнүн турмуштук маани-маңызы чечмеленген. Анын күндөлүк турмуштагы колдонуу учурлары, шарттары тууралуу кенен маалыматтар камтылган. Бата сөзүнүн касиетине, элибиздин нарк-насилиндеги ордуна баа берилип, бата берүү каадалары ачыкталган жана бата сөздөрүнүн бир канча элдик мисалдары келтирилген.

**Негизги сөздөр:** Бата, бата-тилек, салт, сөз, бата берүү, эл, сүйлөшүү маданияты, педагогика.

**Аннотация:** Благословение - одна из национальных духовных ценностей Кыргызстана. В статье объясняется значение этих благословений. Она содержит подробную информацию об условиях и условиях его использования в повседневной жизни. Была оценена природа слова благословение и его место в наследии кыргызского народа, раскрыты ритуалы благословения, приведены несколько народных примеров слова благословение.

**Ключевые слова:** Благословение, благословение, традиция, речь, благословение, народ, разговорная культура, педагогика.

**Abstract:** Blessings are one of the national spiritual values of Kyrgyzstan. The article explains the meaning of these blessings. It contains detailed information about the conditions and conditions

of its use in everyday life. The nature of the word blessing and its place in the heritage of kyrgyz folk were assessed, the rituals of blessing were revealed, and several folk examples of the word blessing were given.

**Keywords:** Blessing, blessing, tradition, speech, blessing, people, conversational culture, pedagogy

**“Беш манжа бөлөк билек бир, беш адам бөлөк тилек бир”** дегендей эзелтен эле кыргыз эли бир түндүккө чогулуп, бир тилекти тилеп, сөзгө маани берип келген улуу калк. Сөз аркылуу ички каалоо-тилекти, аруу сезимди билдирип, жашоо шартка жараша бата-тилек айтылып келет. Жаш муун да ага калыптанып, улуулардын сөзүнө кулак түрүп олтурушкан жана бата алууга өтө дилгир болушкан. Кыргызда: **“Бата албай иш баштаба”** деген накыл сөз бар. Андыктан элибизде бата берүү жана бата алуу салты өтө кеңири тараган.

Салт- бул жашоо эрежеси. Кыргызда: **“Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт”** бата алган адам жашоодо өз ордун таап, баталуу тукум же бата алып өскөн тукум деген аңызда калып келген.

Бата-бул алкоо. Бата алууда ар ким өз чамасына, шартына жараша сый көрсөтөт, бири бодо мал сойсо, бири төрт түлүктүн ичинен алынын жетишинче жандык союп, тамак берип бата алып келген. Ошол чоң нерсени күтүп олтуруунун кажети барбы? Бата алууда сөзсүз чоң мал союп, элди жыйнап, кабак кашты бүркөп тамак берүүнүн кажети барбы? Ал бата кабыл болобу? Же, кичинекей иш кылуудан эле чоң алкоо алууга мүмкүнбү?-деген суроо жаралат. Бул тууралуу болгон окуяга кезек берсек. Жолдо келе жатып аксакал адам менен учурашкан, көмөк көргөзгөн, орундуктан ордун берген уланга карыя өз батасын берген: **“Өмүрлүү бол, көп жаша. Кимдин уулусуң? Ата-тегиң мыкты тура, тектүү жердин уулу экенсиң, тартиптүү үй бүлөдөн чыккан кулун экенсиң”-** деген алкоо сөзү менен узап кеткенче өз ыраазычылыгын билдирет. Мында, карыя жаштарды адептүүлүккө, ыймандуулукка алкоо аркылуу тарбиялоодо. “Жакшы сөз жан эргитет” дегендей ар бир адам ата-теги, эл-журту үчүн жакшы сөз укса кадыресе сыймыктануу менен боюн түздөйт. Кыргызда: “**Ашың жокпу, ашың болбосо кашың жокпу”** - деп келет. Өсүп келе жаткан жаш муундар улуулардан бата алууга, ал батага көңүл коюп угуп, кабыл алуусу абзел.

“Бата” деген сөздүн этимологиясы – ба-та деген эки муундан турат. “баа”- нарк, баасы, наркы дегенди туюнтат. Сөздүн баасы, сөздүн наркы. Ар бир несенин өз наркы, баасы бар, андыктан сөздүн баасы, наркы өтө күчтүү. Ал эми “таа” – мында кызырлуу кыргыз элибиз эзелтеден эле томпой, чүкө менен ойноп, таа турса (таа консо) ага чоң маани берип келген. “Кан таламай” оюнунда кан таа туруп калса, оюнчулар бардык чүкөнү, канды кошо талап алат. Ошону менен бирге жаңы тазаланган чүкөнү төлгөө иретинде өкчөп, таа турса ишибиз оңолот экен деген түшүнүк болгон. Эми бул жерде “Бата” деген сөздө – сөздүн таасын айт дегенди туюнтуп тургансыйт. Себеби бата берүү бул жөн сүйлөнгөн сөз эмес. Ал сөздүн баалуусу жана тактыгы, жан дилден, өзөктөн чыккан алкоо кеп болот.

Элибизде сөздүн эң асылдарын, эң жагымдууларын, эң таттууларын кучагына алып, адамга дем-күч берип кубаттандырган касиеттүүлүгү менен бийикте турган бул – бата. Бата – бул муктаж болуп турган адамга жардам бергенде же мүдөөсүн орундатканда, анын жан дүйнөсү балкып, ыраазы болгондо аруу тилек менен өзөктөн чыккан таасын айтылган сөз, кандай бата тилине күрмөлсө ошол так аткарылыган. Өз дилинен ыраазы болуп, эт жүрөгү эзилип туруп, ыраазычылыгын билдирип чын дилинен берилген бата ал сөзсүз кабыл болот.

Мисалга алсак: Элге эл баштаган кан керек болгон үчүн чоң изги тилек менен Манастын жарык дүйнөгө келиши... **Манас да, Семетей да Кошойдун батасынан бүткөн.** Тоголок Молдонун вариантында Кошой "батасы журтту байыткан" адам болуп, ал бата берип, Чыйырдынын боюна Манас бүткөндүгү айтылат. Кыргыздын нукура турмушундагы ар бир маанилүү окуя бата менен башталып бата менен аяктаган. Батанын күчтүү касиети кыргыз элинин жан дүйнөсүндө абдан чоң ишеним менен байыр алып келген. Ошондуктан “Элдин каарын эмес, батасын ал”, “Атаңдан бото калбаса да батасы калсын” деген философиялык, дидактикалык мааниси терең сөздөр айтылып, батанын күчү, таасири канчалык бийик деңгээлде экенин эл өзүнүн оозеки чыгармаларында да чагылдырып берген. Биздин байыркы аталарыбыз батанын касиетине ишенген, бата алыш үчүн айлап, жылдап, зарыгып, күтүп жүрүп, батаны тилеп алышкан. Мисалы: “Манас” эпосундагы Манастын уулу Семетей ошол батадан туулган бала деп айтылат. Каныкей карыя Кошойго арнап атайын анын батасын алуу үчүн максат коюп, он эки жыл узданып, айлап-жылдаган эмгек менен **кандагай** тигет.
**Бабам Кошой кийсе – деп,**
**Баласыз жүрөм ынтызар,**
**Батасы мага тийсе – деп, (Манастан)** Каныкейдин изги тилеги айтылып турат.
Кошой ата өзүнө кандагай шым чак келгенде гана эт жүрөгү эзилип, жан дүйнөсү созулуп Каныкей энеге ак дилинен берген батасы:

**Тилекти берсе бир Кудай,**
**Туулса мындан бир кулун**
**Ургаачы болбой эр болсун,**
**Аюу болбой, шер болсун,**
**Атышканын алсын – деп,**
**Күрөшкөнүн чалсын – деп,**
**Катылышкан душманын**
**Өгөөлөсүн темирдей,**
**Акыры тууса эркеги**
**Аты болсун Семетей!(Манастан)**

– карыянын берген батасынан Семетей төрөлөт.
Ал эми “Кур аякка бата жүрбөйт” дегендей Каныкей эне алган батасы кабыл болуп боюна сиңүү үчүн элге ырымын жасаган. Кыргыз эли сөзгө өтө кылдат мамиле жасаган жана сөзгө маани берип келген.
Ошондой эле манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусунда Алмамбет баатыр менен Аруукеге Бакай атанын берген батасы:

**Болоттон соккон коргонум,**
**Айланайын Алмамбет,**
**Боз карчыга чолпонум,**
**Душманың сенден адашсын,**
**Туйгунуң сага жарашсын.**
**Аңдып жүргөн тууганың**
**Акылынан адашсын.**
**Тилегим кудай берсин – деп,**
**Тиктегеним келсин – деп,**
**Кабыл кылсын тилегим,**
**Эркек уул берсин – деп.**(Манастан)

Кызырлуу кыргыз элинин батасынан Манастан Семетей, Алмамбеттен Күлчоро туулат. Семетей да Күлчоро да атанын уулу эмес, жалпы элдин уулу болгонун алардын эли-жери, элдин эркиндиги, келечеги үчүн чын дилден жасаган иш-аракеттеринен көрүүгө болот. Мына, элдин күчтүү тилегинин, ак батага ишениминин керемет касиети. **“Бата – сөз зээри. Батанын баркын сезсек, кадыры чыгаар. Ошондо ниет изгиленип, бири-бирибизге ыкласыбыз артаар, ишенич бекиир. Демек, бата элди бириктирип, улутту бир ынтымакка уютаар касиет күчкө ээ”** (Ч.Өмүралиев, 2018) – деп Ч.Өмүралиев айткандай “Бата – сөздүн мээри” дейт элем. Себеби, жан дүйнө мээриминен чыккан сөз жүрөктүн түпкүрүнөн түнөк таап, жаңы

нерсе жаралууда. Ошол себептен, кыргыздар адам акча, байлык менен эмес, алкыш жана бата менен көгөрөт деп терең ишенишет.

Локк: “Биздин убагыбызда кимде-ким өзүнүн уулун ушундай тарбияласа, анда анын баласын өмүр бою чоң байлыктын үстүндө чардап өмүр сүрүүгө, магдырап уктоого даярдап жатканы...”[1]- деген. Андыктан биз да өз келечек муунубузга элдик баалуулуктардан сугарган болсок, келечекте чоң байлыктын үстүндө чардап өмүр сүрүүгө жетишебиз.

Элибизде: **“Улууну урматта, сыйла, улуулардын батасы тийсин”** деген сөздөр бекеринен айтылбаса керек. Сөз багып, сөз кадырлаган кыргыз эли: **“Айтылган сөз атылган ок”** катары ооздон чыккан ар бир сөздүн мазмунуна терең маани берип, **“Айтыла элек сөз сенин кулуң, айтылгандан кийин сен сөздүн кулусуң”** деп улам кийинки муунду адеп-ахлакка тарбиялап келген. Бүгүнкү күнү кыргыз элинде сөздүн күчү жоголгонсуп, мурункудай куюлуштура сүйлөп, уккан кулактын жарпын жаза адамдын рухий жан-дүйнөсүн байыткан сөзмөр, чечен адамдар азайып, анын ордун майда-барат, жеңил-желпи гана сөз ээлеп бараткансыйт. Өзгөчө көп адамдар чогулган жайларда, кыргыздардын салт-санаасына байланыштуу үлпөт, тушоо кесүү же сүннөт тойлорунда бата тилеген жаштарга кээ бир улуу адамдардын эмне деп бата берээрин билбей, эки сөздү улам-улам кайталап, мукактанышы элдин аң-сезиминде батанын касиетине болгон ишениминин жоюлуп, батанын кадыр-баркы, дем-күчү төмөндөп бара жатканын түшүндүрсө, экинчи жагынан эл арасында сөз кудуретинин жоголуп бара жатканы жан кейитет.

Бүгүнкү күндө жүрүш-туруш, сүйлөшүү маданияты жагынан Батышты тууроо кеңири жайылып баратат. Албетте, Ааламдан артта калбай, жаңылануу, өсүү, ар тараптуу алдыга умтулуу керек, бирок, цивилизациянын өсүү жолунда биз кыргыз эли уюткуну Батыштан эмес, өзүбүздөн алганыбыз ийги. Кыргыздар дүйнөнү суктандырган карт тарых, оозеки чыгармачылык, өзгөчөлөнгөн маданияттын ээси. Өзүбүздүн ушул колдо бар байлыкты бул өткөндүн калдыгы деп кол шилтебестен аны жандандырып калуубуз абзел. Ал эми биздин улут катары өзгөчөлүгүбүздү сактап, бир эл, бир журт катары ынтымакта, биримдикте модерндешүүбүздүн башаты тээ теренде, ата-бабаларыбыз укумдан-тукумга өткөрүп, сактап, байытып келген маданиятыбыз, адабиятыбыз, оозеки чыгармачылыгыбызда – “Манаста” жатат. Анткени, кыргыздардын жашоо маданиятын, дүйнөтаанымын ичине камтыган “Манас” баштаган түрдүү оозеки чыгармачылык элибиздин каны-жанына сиңип, аң-сезиминде байыр алып калган жана жаңыча ой жүгүртүп, өнүккөн цивилизациянын алкагынан чыкпай алга жылууда биз өзүбүзгө бабалар мурас кылып калтырып кеткен улуттук нарк-насилибизди тирек кылып алышыбыз керек. Сырттан жаңы келген маданиятка жабыла кирип барбай, улуттук көрөңгү, улуттук колорит менен кийинип алып, өздүк байлыгыбызды жаңы менен жуурулуштура, мезгилдин талабына ылайык жаңыча көз караште алып чыгуу өнүгүү дооруна маңкурт катары кирип баруудан алыстатат деген ойдомун. Биз батаны да өздүк казынадан издегенибиз натыйжалуу болоор. Кургактан куурап бараткан бак-даракты, бозоруп, кеберсип чарт жарылган жер бетин көктөн куюлган жамгыр кандайча жашартып, жашылдантса, ак дилден айтылган ак бата да адамдын жан дүйнөсүнө рухий азык болуп зор таасир этээри бышык. Х.Карасаевдин сөздүгүндө бата үч мааниде колдонулганы жазылат. Анын үчүнчү мааниси: тилек тилөө, тилек айтуу.

---

[1] Педагогиканын тарыхы “Мектеп”- 1971-ж. 51-б

Я.А.Каменский: “Адегенде жакшы жүрүм-турумга үйрөн, анан акылмандыкты өздөштүр. Биринчисине ээ болбой туруп, экинчисине жетүү кыйын”[2] – дегендей кыргыз эли эзелтен эле бата берүүдө педагогикалык накыл идеялар аркылуу балдарды адептүүлүк жактан таза болууга багыт беришип, өз турмуштук таза тажрыйбаларынан сабак беришкен.

Бата менен тилектин айырмасы, батаны калк башында турган, эл кадырлаган, акылман, көсөм, касиеттүү, нускалуу улуу адамдар айткан (көбүнчө эркек адам бата берет), ал эми эне – тилек айтат. **“Эркектин билегинде болсо, эненин тилегинде”** деп бекеринен айтылбаса керек. “**Эне – бул жаратуучу чексиз аалам. Эне – бул чоң мугалим, зор устат”** (М.Н.Б.). Эне ар дайым элге-жерге, жан-жаныбарга, жашоонун пирлерине, түрлөрүнө, бала-бакырага ж.б. тилек тилеп келген. Анткени сөздүн күчү, ойдун күчү ар дайым иштеп турган чоң энергия. Эл оозундагы эне тилегинен мисал келтирсек.

Баркырап ыйлап наристе,
Төрөлсө экен деп тилейм.
Ак бешикке бөлөнүп,
Торолсо экен деп тилейм.
Кыргыздын уучу узарып,
Көбөйсө экен деп тилейм.

Насаат сөз айткан карылар,
Бар болсо экен деп тилейм.
Мээримин төккөн энелер,

Көп болсо экен деп тилейм.
Түндүк, түштүк бөлүнбөй,
Бир болсо экен деп тилейм.

Иоганн Генрих Песталоццинин сөзүнө кайрылсак: **“Тарбиялоонун негизги милдети-келечекте коомдук турмушка активдүү катышып, пайда келтире ала турган гармониялуу өскөн адамды формиравать этүү. Нравалуулуктун эң жөнөкөй элементи, баланын энесин жакшы көрүүсү, бул балада анын организиминин талабын канааттандырып олтуруунун натыйжасында пайда болот. Баланын нравалык тартибинин негизи үй-бүлөдө түзүлөт. Баланын энесин жакшы көрүүсү бара-бара үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүнө таркайт. Төрөлгөн үй-нраванын мектеби.”**[3]- деген. Андыктан баланы илим, билимге тарбиялоодо үй-бүлөдө өзгөчө эненин ролу чоң.

Бата – тилек эзелтен эле элди бириктирүүчү, ынтымакка чакыруучу, бир максатка көздөөчү чоң кызмат аткарып келген. Бата тилеген адам менен бата бере турган адамдын үмүт-тилектери, муңу-зары уюшуп келип, бир дилге, орток бир тилекке биригип жуурулушуп турганда гана тилегендин тилеги, бергендин батасы орундалат. Батанын керемет сырдуу күчү ушунда. Чын дилден, жүрөгүң менен ишенип, каалап тиленген бата ар дайым аткарылат.

Бата берүү учурлары:

1. Ымыркай жарык дүйнөгө келгенде;
2. Наристе там-туң басканда (Тушоо тойдо);

---

[2] Педагогиканын тарыхы. Мектеп -1971-ж. 38-б

[3] Педагогиканын тарыхы “Мектеп”- 1971-ж 82-б.

3. Эркек баланы сүннөткө олтургузганда;
4. Кыз баланы турмушка узатууда;
5. Уул үйлөп, келин алганда;
6. Түндүк көтөргөндө;
7. Адамды акыркы сапарга узатканда;
8. Жаңы конушка көчкөндө;
9. Дастаркондо олтурганда, сапарга аттанганда (жол жүргөндө), эгин эгип, көчөт олтургузганда, баланы бешикке бөлөгөндө, кол өнөрчүлүктө ж.б.

**Балага берилген бата**

Теңир жолу ыйык-деп,
Биз берели ак бата.
Жаш кошулуп жашыңа,
Баш кошулсун башыңа.
Ата жолун ардакта.
Атанын эмгегин,
Эненин мээнетин акта.
Шердей үндүү бол,
Жолборстой сүрдүү бол.
Атаңдын ыйыктуусу бол,
Энеңдин сүйүктүүсү бол.
Калкыңа кадырың арткан,
Мартабаң бийик адам бол.
Оомийин!

Демек мында ымыркайды жаш кезинен эле атуулдук парзын бийик туткан, атанын эмгегин, эненин мээнетин актаган эр азамат болуусуна багыттап бата берилип жатат.

**Колго суу куйганда**

Жүзүң суудай тунук болсун,
Ниетиң суудай таза болсун.
Өмүрүң суудай узун болсун,
Улуунун жашын берсин,
Жакшынын башын берсин.
Манастай билектүү бол,
Каныкейдей тилектүү бол.
Алманбеттей улуу бол,
Айчүрөктөй сулуу бол.
Оомийин!

Кыргыз эли: “Койдун этин жеп, кол жуубагандан түңүл” дейт эмеспи, андыктан колго суу куйган өспүрүмгө бата –тилек айтып алкап келген.

**Жолго чыкканда**

Жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң кыдыр болсун.
Эч нерсе жолуңду тоспосун,
Ийгилик дайым коштосун.
Аман-эсен кайтып кел,
Жакшылык ишти алып кел.

-деп жакшылык сенде болсо, сен эл ичинде бол, же болбосо жакшылык элде болсун, эл ичинде сенде болсун деген тилек менен жолго атказган. Эгерде коноктоп келген тууган-урук болобу, дос-тааныш болобу үй ээси “Жолдун пири Жоламан колдосун” аман-эсен өз үй, өлөң төшөгүнө жетип алсын деген тилек тилешкен.

**Бабалардын батасы**

Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө өмүр шерик бол,
Аккан суунун шары бол
Оорулууга дары бол
Опол тоодой кары бол.
Оомийин!

- деген сөздө эмне деген филасофиялык ой жатат. Улууга урмат кылуу, кичүүнү сыйлоо деген адеп-ахлактык чоң ой турат.

**Жаш жубайларга берилүүчү бата**

Өмүрүңөр узун мазмундуу болсун,
Дасторконуңар ырыскыга, нанга толсун!
Бири-бириңерден танбай, жубуңардан жанбай,
Таза жүрүп таңдай, кыялдан кызык,
Күндөн ысык өмүр сүргүлө!
Ак жолдон азбай, жубуңардан жазбай,
Касиети калың карыгыла,
Баш менен жаштан, бак менен аштан кем болбой,
Телегейиңер тең болуп карыгыла!
Коломтоңордо куттуу отуңар өчпөй,
Жашооңор дайыма жаздай болуп өткүлө!
Алдыңарды бала басып, артыңарды мал бассын!

Улукмандай уул, Умай энедей кыз тапкыла! Оомийин –бул бата-тилекте үй бүлөнүн бүтүндүгү, кандай турмуш болбосун бирге болуп, ысыкка бирге күйүп, суукка бирге тоңуп, турмуштун сыноосун бирге жеңгенге, жай турмушта бакубат жашоого, келечек муунга өрнөк болгон адеп-ахлакка тарбиялап жатат.

**Балага берилген бата**

Жараткан өзүң жалга,
Жакшылыгыңдан жанба.
Ыйман берип, ылдыйда жөлө,
Ымыркайынан ырыска бөлө.
Агаларына атчы болсун,
Актан тайбас калыс кыл,
Ченемсиз билим бер,
Чексиз илим бер,
Өргө кулатып ташын,
Өңгөдөн асыл кыл башын,
О-о-о- мийин!

-өспүрүм курактагы муунга жаш кезинен эле эмгекке, билимге, абийир-ыйманга, кара кылды как жарган калыс болууга бата-тилек менен бирге табыштап тилек тилеген.

**Ымыркай кызга берилген бата**

Жараткан өзүң жалга, жалгагандан танба,
Өмүр бою өзүң жөлө, ымыркайынан ырыска бөлө!
Эжесине төл болсун, энесине бел болсун!
Алдына нуруң чач, артыңа журуң чач!
Өң төл болсун, энесине бел болсун!
Өң бергейсиң чүрөктөй, мүнөз бер жибектей,
Айдай чийилген каш бер, арчадан узун жаш бер!
Колунан көөрү төгүлсүн, жүзүнөн мээри төгүлсүн.

Апасынын сүтүн актасын, атасынын арын сактасын.
Жалаң айылы эмес, жалпы журту мактасын!
Адамга сүйкүмдүү кеби болсун, абийири чеби болсун,
Айтканы элге эп болсун, акыл-эси адеби сеп болсун!
Ден соолугу чың болуп, өмүрү узун болсун! Оомийин.

Негизинен ымыркай эч нерсе билбейт дегенибиз бул жалган сөз. Ымыркай обон, ыр, мээрим, сөз менен калыптанат. Андыктан кыргыз эли наристеге өзгөчө көңүл буруп келген жана ар дайым жакшы каалоо-тилектерди айтып келген. Ал эми эне эмизип жаткан убакта да өз оюн оңдоп, мээрим төгүп жакшы тилек тиленген.

**Батанын түрлөрү:** Наристе жарык дүйнөгө келгенде "Бешик бооңор бек болсун", тушоо кесүүдө "Ак, караны эшкеним, ак-караны айрый билген адис болсун дегеним", сүннөткө олтургузууда "ата жолун жолдогон ар-намыстуу болгунуң", үйлөнүү үлпөтүндө жаш жубайларга "куш бооңор бек болсун", келин алган үйгө "коңшу кут болсун", чамгарак көтөргөндө "түндүгүң (чамгарагың) бийик болсун", унаалуу болгондо (машина алганда) "тулпар кут болсун же дөөтү колдосун", колго суу куйганда "өмүрүң суудай узун болсун", сапарга аттанганда "жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун", кыз узаткан тарапка "куда кут болсун", жаңы буюм алганда "жакшылыкка, тойлорго колдон", жаңы кийим алганда "кийимиң морт болсун, жаның бек болсун", той бергенде "ток кут болсун" ж.б. изги тилек тилешкен.

"Өмүрлүү бол", "жакшыдан кем болбо", "өркүнүң өссүн" ж.б. баталар – рухий азык, жанга дем, күчүңө кубат болуп берүүчү азык-зат. Ата-эненин балдарына берген батасы бул, ата-эне жана баланын ортосундагы эриш-аркак мамилени түзөт. Ал эми элдин батасын алып жолго чыккан адамдын жолу шыдыр, маңдайы ачык жана мааңайы шат болуп, иши шар бүтөт. Анан албетте, батага, каалоо-тилекке арзырлык адам болуш үчүн үлгүлүү жүрүш-туруш менен адал эмгек кылып, эл максатын көздөгөн инсан болуу талап кылынат. Жалпы элдин батасына татыктуу болуш, ата-энеден да өтүп барып элдин уулу болуу дегендик. Уул-кызга ата-эненин, жалпы элдин батасына татыктуу инсан болуудан артык сыймык болбос. Ата-эне , чоң ата, чоң эне балдарды тарбиялоодо эч убакта жаман сөз айткан эмес. Туура эмес иш кылганда урушканда да этияттап, сөздү тандап "Тукумуң өскүр", "Бай болгур", "Кудай алкагыр" ж.б. деп урушчу. Биз аны турмушта бала чакта көп кезиктирдик, ал эми бүгүнкү күндө сөздү тергебей жатканы мени өкүндүрөт. Терс сезимде да оң сөз аркылуу жакшы нукка буруп (алкоого буруп) койгон. "Кызматы элге болсун", "Элге берсин, эл ичинде бизге берсин", "Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң" деген кыргыздын улуу сөзү бар.

Үмүт Култева мындай деген: «Адамдын тарыхында башка баалуулуктарга караганда руханий мурастардын өмүрү узунураак келет. Алар элдик оозеки чыгармалар же муундан - муунга өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан, ар кандай мезгил жана мейкиндик таасирлерине ыңгайланып, элдин дилинде жашай берет. Жер котоpуу стихиялык кырсыктар, согуш кыйроолору, материалдык баалуулуктарды жоготкондой руханий баалуулуктарды заматта жогото албай. Жер жүзүндө катаклизм же цивлизациялык кыйроолор болсо дагы же өрт коркунучу каптаса дагы фольклордук илим эч кандай кыйроого учурабайт жана жоголбойт»[4] - ошондуктан, элдин оозеки чыгармачылыгы болгон бата тээ байыртадан бери

[4] Ж. Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн эволюциялык тарыхы» Бишкек 2004-ж. 3-бет

эле элдин кулк мүнөзүн адептик-ыйманга тарбиялоодо, маданиятын калыптанышына, эне тилдин баюусуна негизги кызматты өтөп келген.

**Бата – бул инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсүн калыптандыруучу улуу сөз. Ак калпак кыргыз элинин Ааламдык ак батасы, адеп-ахлагы жалпы адамзаттык кенч болсун!**

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Закиров С. Кыргыз элинин макал жана лакаптары Фр. 1968-ж.
2. Ж. Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн эволюциялык тарыхы» Бишкек 2004-ж.
3. Педагогиканын тарыхы. Мектеп -1971-ж.
4. “Манас” эпосу 1-2-3-том 2000-ж.
5. Ч.Өмүралиев “Теңирчилик” 20018-ж.
6. Х.Карасаев “Терминологиялык сөздүк”
7. Элдик чыгармалар  Фрунзе 1989-ж.


УДК:82.01




**Чокоева Дилбар Маматкуловна**
ф.и.к., доцент, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абадмамлекеттик университети
**Чокоева Дильбар Маматкуловна**
к.ф.н., доцент, Джалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова
**Chokoeva Dilbar Mamatkulovna**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, Jalal-Abad State University. B. Osmonova


## ЖАЗУУЧУ К.АКМАТОВДУН УЛУТТУК РУХАНИЙ ЖААТТА ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

## ПОИСКИ ПИСАТЕЛЯ К.АКМАТОВА В НАЦИОНАЛЬНОЙ ДУХОВНОЙ СФЕРЕ

## WRITER K. AKMATOV’S QUEST IN THE NATIONAL SPIRITUAL SPHERE


**Аннотация:** Макалада адамзаттын руханий эволюциясы ааламда кантип башталып, кантип өнүгүп жүрүп отургандыгына кыскача ракурс жасалуу менен, оккультизмдин, сыйкырчылыктын айрым табышмактары физика илиминде кантип чечмеленип жаткандыгы жөнүндөгү жаңы илимий маалыматтар берилет. Бул маалыматтар аркылуу макаланын автору, Кыргыз эл жазуучусу К.Акматовдун “Архат” романындагы  сыйкырчылык